**“ Окуу таанышуу” практиканын конференциясы**

**Программа**

**Күн тартибинде:**

1. Ачылышы – **А.А. Мырзаканова**
2. Кыргыз тили жана адабияты мугалими – **Г.А. Казыбекова**
3. Чет тили мугалими – **Б.Д. Батыралиева**
4. Химия мугалими – **Н. Джоробаева**

Практика учурунда студенттер балдарды тарбиялоодо кабылган кыйынчылыктар жана аларды анализдөө – **Казыбекова Гүлүмкан**

Окуу таанышуу практиканын өзгөчөлүгү **– Мырзаканова Айжамал**

Окуу таанышуу практиканын өзгөчөлүгү – **Сулайманова Меринса**

Практиканын жүрүшү жана көйгөйлүү маселелери – **Камчыбекова Гулнура**

2022-жылдын 29- апрелинде БКМк 1-21, Чт 1-21 тайпаларынын “Окуу таанышуу” практикасынын конференциясы болуп өттү. Конференцияда практиканттар кабылган көйгөйлөр жана кыйынчылыктар боюнча сөз сүйлөштү.

БКМк 1-21 тайпасынын студенти Муратова Айдана өз сөзүндө эки күн байкоо жүргүзүп үчүнчү күнү сабак өткөндугүн, ошол эле тайпанын студенти Абдыкалыкова Жаңылай өз сөзүндө окуучуларга тегиз көңүл бурулбагандыгын, ал эми Асан кызы Гүлгүнай сөз байлыгынын аздыгынан кыйналгандыгын айтты. Жусупакматова Айзирек кол жазмасынын начардыгын айтып каллиграфия дисциплинасынын саатын көбөйтүүнү сунуштады.

Чт 1-21 тайпасынын студенттери практика учурунда кабылган көйгөйлөр жана кыйынчылыктарды төмөнкүдөй айтып беришти.

Камчыбекова Гулнура – практика учурунда мектептеги кыйынчылыктарды айта кетти. Кымбат практика учурунда кыйынчылыктарга туш болбогонун жана ага практикага чыккан жаккандыгын жана келечекте мыкты мугалим боло тургандыгын айтты.